**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**"ЖИБЕК-ЖОЛУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ МЕКЕМЕСИ"**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ЖИБЕК-ЖОЛУ"**

**Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышынын 2026-жылдагы кезектеги III отуруму**

## ТОКТОМ
## №3/2

15-апрель 2026-жыл. Согонду айылы

**Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн аймагындагы калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу учун кызмат акынын жыйымын бекитип берүү жөнүндө**

Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн аймагында калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу учун макулдашылган төлөм тарифин бекитип берүү жөнүндө айыл өкмөт башчысы Т. Камиловтун жана жарандардын билдирүүсүн угуп, талкуулап Жибек-Жолу айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн башчысы Т. Камиловтун жана жарандарынын кайрылуусу эске алынсын.
2. КР салыктык кирешелер жөнүндө кодексинин 74 жана 75 беренелерине ылайык Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн аймагындагы калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу учун макулдашылган төлөм тарифи кызмат акы үчүн төмөндөгүдөй болуп бекитилсин;

- Ар бир үй башына бир айына 100 (жүз)сомдон.
- Мекеме иш каналар, Ресторандар, Кафелер, Чайканалар, Ашканалар,Эс алуучу жайлар, дүкөндөр үчүн бир айына 200 (эки жүз)сомдон -500(беш жүз) сомго чейин.
- Бул сумма **«Биримдик Сервис» ТКИна** взнос катары эсептелинип жана абонентке: Абоненттик китепче (эрежелери менен), келишим, берилсин.

3. Топтолгон акча каражаты Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн алдындагы **«Биримдик Сервис»** муниципалдык ишканасынын эсебине төгүлсүн жана түшкөн кирешенин эсебинен калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу иштери жүргүзүлсүн жана санитардык эрежелер сакталсын.
4. Ар бир жарым жылдыкта Жибек-Жолу айылдык кеңешине түшкөн киреше боюнча отчёт берип турсун.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн башчысы Т. Камиловко жүктөлсүн.

**Төрага** **Б. Ж. Артыков**